**2019-2020-окуу жылында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде даталуу күндөргө карата өткөрүлгөн иш чаралардын аткарылышы тууралуу отчет**

9-сентябрь “Комуз күнүнө” карата музыка мугалими Касмалиев Н.Т. 2-класска ачык саат өттү жана линейкада окуучуларга комуздун жаралышы тууралуу маалымат берип, кружоктогу окуучулар комузда күү ойношту.





23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата “Мамлекеттик тилге 30 жыл” аттуу иш чара өткөрүлдү. Линейкада доклад окулуп, башталгыч класстын мугалимдери окуучулар менен бирдикте жүрүшкө чыгып, элдерден көөнөргөн сөздөрдү чечмелеп берүүнү сурашты, билбей калгандарга жообун айтып, билгендерге белек берип жүрүштү. 4-класстын класс жетекчиси Биримкулова Рахат “Эне тилим- эне сүтүм” деген темада жана 9-класстын класс жетекчиси Шыгаева Алтынай “Улут болсом тилим менен улутмун” деген темада ачык тарбиялык сааттарды өтүштү.






1-октябрь карылар күнүнө карата уюштуруучу соц педагог Касмалиева Айнура менен бирдикте “Карысы бардын – ырысы бар” аттуу иш чара өтүп, айыл аксакалдарын чакырып чакан программадагы концерт коюп, мугалимдер жамааты куттуктоо сөзүн айтып, сый тамак тартууланды.






Октябрдын 5инде “Мугалим мөмөлүү дарак” аттуу иш чарада мектеп парламенти 1-саатта мугалимдерди постто туруп, гүл берип, куттуктап тосуп алышты. 4-класс мугалимдерге куттуктоо ырарын айтып, майрамдык сый дасторкон уюшулду.






20-ноябрда “Берекелүү алтын күз” аттуу түшүм майрам өткөрүлдү. Линейкада 6-класстын окуучулары күз темасында ыр окушту. 18-ноябрда “Берекелүү алтын күз” деген темада 5-класстын класс жетекчиси Шаршенбекова Таажыгүл ачык тарбиялык саат өттү. 22-ноябрда 3-класстын класс жетекчиси Кенжебаева Жанаркүл “Алтын күз” деген темада концерт сабак өттү.






3-декабрда “Майыптардын эл аралык күнүнө” карата дене тарбия мугалими Кудайберди уулу Калыбай 10-11-класстардын арасында кол күрөш, чака чапмай, таяк тартыш, аркан тартыш боюнча спорттук мелдештерди өткөрүп, жыйынтыгында 11-класстын окуучулары жеңди.






4-декабрда “Манас күнүнө “ карата “Манас таануу” интеллектуалдык оюну 8-9-класстын окуучулары арасында өткөрүлдү. Манас айтуу боюнча сынак өткөрүлдү. Эң мыкты манасчы деп 10-класстын окуучусу Элисбек уулу Сыймык аталды. 7-класстын класс жетекчиси Бактыбек уулу Амантур “Манас” деген темада ачык тарбиялык саат өттү.







12-декабрь “Адабият күнүнө” карата 1-4-класстар Чыңгыз Айтматов жөнүндө ыр айтышты. 5-8-класстар Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде сахналаштырышты. 5-класстын окуучулары ролик тартып өзгөчөлөнүштү. 9-11-класстар дубал гезитин чыгарышты. 5-класстын класс жетекчиси Шаршенбекова Таажыгүл “Чыңгыз Айтматов” деген темада ачык тарбиялык саат өттү.






Жаңы жылдык карнавал класстар аралык өткөрүлүп, башталгыч класстын окуучулары өз өнөрлөрүн көрсөтүп аяз атадан белек алышты. Ортоңку класстын окуучулары жаңы жылдык бий тартуулап класс жетекчилеринен жаңы жылдык белекке ээ болушту. Жогорку класстын окуучулары концерттик программа тартуулашты.





23-февраль ата-мекенди коргоочуларды коргоо күнүнө карата 4-класска “Кана эмесе балдар” темасында ачык саат өтүлдү. 8-9-10-11-класстын балдары арасында “Кана эмесе жигиттер” аталышында КВН өткөрүлүп, 10класстын балдары жеңүүчү деп табылды.






5-мартта 5-класстын класс жетекчиси Шаршенбекова Т.Н. калпак күнүнө карата линейкада калпак тууралуу слайдды колдонуу менен маалымат берип, мектептег ак калпакчан игиттер жүрүшкө чыгышыты.






6-мартта 4-класстын класс жетекчиси Биримкулова Рахат “Кана эмесе кыздар” деген темада ачык тарбиялык саат өтүп, анда 8-март аялзатынын эл аралык күнүнө карата кыздар арасында жарыш өткөрдү. 6-мартта 5-6-7-8-9-10-11-класстын кыздарынын арасында “Жаз периси – 2020” сулуулар конкурсу өткөрүлдү. 10-мартта 6-класстын класс жетекчиси Касмалиева Айнура “Бейиш эненин таман алдында” деген темада ачык тарбиялык саатты апалардын катышуусунда өтүп, окуучулар апаларына гул жана ыр десте сунушту.





23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнүнө карата 3-класстын класс жетекчиси Кенжебаева Жанаркүл өзү даярдаган видео сабак менен тарбиялык саат өтүп, сабакта окуучулар карантин маалында үйдөн чыкпай, китеп окууга тарбия алышты. Улуу жеңиштин 75 жылдыгына карата4-класстын класс жетекчиси Биримкулова Рахат өзү чыгармачылык менен видео сабак даярдап тарбиялык саат өттү. Окуучулар да кайтарым байланышка ар кандай слайд, видео ролик тартып активдүү катышты. Улуу жеңиштин 75 жылдыгына карата онлайн фестивалга өздөрү видео ролик даярдап жиберишти.

**2020-2021-окуу жылында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде даталуу күндөргө карата өткөрүлгөн иш чаралардын аткарылышы боюнча отчет**

8-сентябрь сабаттуулук күнүнө карата 4-класстын класс жетекчиси Кенжебаева Жанаркүл Бакасовна, 10-класстын класс жетекчиси Шыгаева Алтынай Бактыбаевна, 8-класстын класс жетекчиси Куштарбек кызы Гүлзат , 7-класстын класс жетекчиси Касмалиева Айнура Турарбековна ар кандай видео сабак, онлайн жат жазуу, онлайн тест менен тарбиялык сааттарды өтүп, окуучуларды сабаттуу болууга үндөштү. 9-сентябрь комуз

күнүнө карата 4-класстын класс жетекчиси Кенжебаева Ж.Б. видео сабак даярдап класстык саат өтүп, окуучулар кайтарым байланышка видео материал даярдашты.

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата бардык класстарда тематикалык тарбиялык сааттар өтүлдү. Мектептин көрүнүктүү жерине мамлекеттик тилди даңазалаган лозунг илинип, бурч уюштурулду. Класс жетекчилер чыгармачылык менен видео сабак даярдап, онлайн тесттерди алуу менен мамлекеттик тил күнүн белгилешти. Октябрь айында 1-октябрь карылар күнүнө карата, мугалимдер күнүнө карата, күз берекеси темасында тематикалык тарбиялык сааттарды бардык класс жетекчилер онлайн форматында видео сабак даярдап, видео конкурстарды жарыялоо менен чыгармачылыгын колдонуу менен өтүштү. Декабрь айында 3-декабрь майыптар күнүнө карата класстык сааттарды 1-7-класстын класс жетекчилери “Биз биргебиз” деген темада видео сабак даярдоо менен өтүштү. Кайрымдуулук акциясы уюштурулуп, 1000 (миң) сом өлчөмүндө акча каражаты чогулду жана мүмкүнчүлүгү чектелген мектеп жашындагы эки балага белектер тапшырылды.

4-декабрь Манас күнүнө карата “Манас таануу” кружогунун жетекчиси Карасартов Марс Алимбаевич 7-класстын окуучуларын Манас айттырып жарыштырды. Жыйынтыгында 7-класстын окуучусу Абдыманапов Азимбек биринчи орунга жетип, белекке ээ болду.

Декабрь айынын акыркы жумасында 3-класстын класс жетекчиси Курманалиева Б.А. “Кел жаңы жыл” деген темада ачык тарбиялык концерт-сабак өттү. Окуучуларга майрамдык маанай тартууланды.

17-февралда советтик аскерлердин Ооганстандан чыгарылгандыгынын 32 жылдыгына арналган “Ооган согушунун тарыхый тактары” деген аталышта иш чара өткөрүлдү. Анда айылдагы ооган согушунун ардагерлерин жогорку класстын окуучулары менен жолугуштуруу, майрамдык дасторкон жана белек тапшыруу болду.





3-март мамлекеттик атрибут туунун туулган күнүнө карата тематикалык тарбиялык сааттар ар бир класста өтүлдү. 5-6-7-8-9-10-11-класстын окуучулары колдоруна туу алып, гимнди ырдап көчөгө жүрүшкө чыгып тууну даңазалашты.





5-март Ак калпак күнүнө карата башталгыч класстын мугалимдери жүрүш уюштурушту. Окуучулар мугалимдер менен бирдикте баштарына ак калпак кийип көчө аралап, жолуккан адамдарга ак калпак белек кылып, линейкада ак калпак жөнүндө ырларды көркөм окуп, кыргыз бийин бийлешти.





8-март аялзатынын эл аралык күнүнө карата кыздар уюму менен биргеликте “Жакшы кыз жакадагы кундуз” деген аталыштагы сулуулар сынагы уюштурулуп өткөрүлдү. Сынакка 5-6-7-8-9-10-11-класстын кыздары катышып баш байгеге 7-класстын окуучусу ээ болду.






25-майда онлайн форматында акыркы коңгуроо салатанаты уюштурулду. Класс жетекчи Мухамбет кызы Асем видео куттуктоолордон турган репортаж даярдап, 11-класстын окуучуларына майрамдык маанай тартуулады.

**2021-2022-окуу жылында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде даталуу күндөргө карата өткөрүлгөн иш чаралардын аткарылышы боюнча отчет**

15-сентябрда “Билим күнү” белгиленип, коңгуроо кагылды. Баардык класстарда “Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө 30 жыл” деген темада биринчи тарбиялык сабактар өткөрүлдү.




23-сентябрда “Мамлекеттик тил күнүнө” карата иш чарада 1-класстын жана 5-класстын окуучулары мамлекеттик тилди даңктаган ыр саптарын көркөм айтышты. Баардык окуу канааларында мамлекеттик тил күнүнө карата бурчтар уюштурулуп, тематикалык тарбиялык сааттар өтүлдү. 23-сентябрда 8-класска Касмалиева А. “Улут болсом тилим менен улутмун” деген темада, 9-класска Карбозова Г. “23-сентябрь мамлекеттик тил күнү” деген темада ачык тарбиялык саат өтүштү.





1-октябрда карылар күнүнө карата 11-класска Шыгаева А. “Карылар үйү керекпи?” деген темада ачык тарбиялык саатта айылдын ардактуу атуулу менен жолугушуу өткөрдү. 1-октябрь карылар күнүнө карата “Карысы бардын ырысы бар” иш чарасы өткөрүлүп, айылдагы карыяларга чакан концерттик программа көрсөтүлүп, сый тамак берилди. 4-октябрда 10-класстын окуучулары айылдагы карыянын үйүнө барып жардам берип келишти.





Мугалимдердин кесиптик майрамына карата “Мугалим – кесиптердин төрөсү” деген темада иш чара өткөрүлдү. 1-класстын мугалими Биримкулова Р. окуучулары менен

бирдикте мугалимдерге арнап ыр окуп, гүл, шарик белекке беришти. Мектеп парламенти мугалимдерди биринчи саатта роза гүлүн берип кол чаап тосуп алышты.



“Бүткүл дүйнөлүк  майыптар” күнүнө карата “Биз биргебиз” аттуу бир айлык иш чаралар: мектеп ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын саны такталды. Алардын бирөө мектепте,  экөө үйлөрүндө тарбияланышат.  Майыптар күнүнө карата окуу кабинеттеринде  бурчтар уюштурулду. “Биз биргебиз” акциясынын  алкагында сүрөт конкурсу жарыяланды. Сүрөт кружогунун жетекчиси Шыгаева А. жогорку деңгээлде иш жүргүзүп, сүрөттөр тартылып,  жеңүүчүлөр аныкталып, кызыктыруучу сыйлыктарга ээ болушту.   18-ноябрда 7-класстын класс жетекчиси Шаршенбекова Т. “Жакшылык кылууга умтул” деген темада ачык тарбилык саат өттү жана айылдагы мүмкүнчүлүгү чектелген аксакалдын үйүнө балдарды алып барып жардам берип келишти.
23-ноябрда  5-класска “Биз биргебиз” деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү. Класс жетекчиси Ибрагимова А. слайд  менен окуучуларга кеңири маалымат берди.  30-ноябрда 6-класска “Биз билебиз, биз сезебиз” деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү. 8-класстын класс жетекчиси Касмалиева А. классы менен бирдикте “Биз биргебиз!” аттуу марафон өткөрүп, марафондон түшкөн 1800 сом акчаны кайрымдуулукка жумшады. Иш чара абдан жогорку деңгээлде чыгармачылык менен уюштуруган. “Биз биргебиз!” аттуу концерттик программа музыка кружогу жана Соц педагог менен биргеликте мектеп жашындагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга уюштурулуп, чакан концерттик программа тартууланды. Иш чаранын жыйынтыгында марафондон түшкөн акча каражаты келген окуучуларга акчалай белек берилди. 3-декабрда класс жетекчи Шыгаева А. жетектөөсүндө 11-класс айылдагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамдын үйүнө жардам берип келишти.







4-декабрь Манас күнүнө карата Манас таануу интеллектуалдык оюну өткөрүлдү.




12-декабрь – Улуттук адабият күнүнө карата аткарылган иштер: "Улуттук адабият күнүнө" карата кабинеттерде бурчтар уюштурулду. 6-декабрда "Жылдыздар китеп окушат" деген темада 1-класстын мугалими Биримкулова Инкамал апайдын образы менен сабак өттү. 13-декабрда 2-класстын мугалими Ибраимов К. "Бугу эне" чыгармасынын негизинде куурчак театрын коюп өткөрдү. 4-класстын мугалими Курманалиева Б. "Бугу эне" жомогун сахналаштырып койду. 7-декабрда "Айтматовдун баалуу белеги – анын чыгармаларында" деген темада 5-класска ачык тарбиялык саат өтүлдү. Класс жетекчи Ибраимова А. ар бир чыгармасына токтолуп, слайд менен жогорку деңгээлде түшүндүрдү. "Биринчи мугалим" чыгармасынын жаралуу тарыхы боюнча 6-класстын класс жетекчиси Мамиева Ш. окуучуларга ачык сабакта кенири маалымат жеткирди. Сабактын башталышында Айтматовду эскерүү минутасы болду. "Саманчынын жолу" чыгармасынан алынган монологду көркөм окуу 8-класстын мугалими Касмалиева А. тарабынан уюштурулуп, жогорку деңгээлде өттү. Иш чара Айтматовду жоктоо ыры менен жыйынталганы өзгөчө болду. "Кылым карытар бир күн" чыгармасындагы Найман эне менен Жоломандын образын 10-класстын окуучулары жогорку деңгээлде ачып сахналаштырышты. Класс жетекчи Акунсартова А. "Бетме-бет" чыгармасын ролдоштурууга 11-класстын окуучулары тартылган. Ачык тарбиялык саат класс жетекчи Шыггаева А. тарабынан өткөрүлдү. 7-класстын мугалими Шаршенбекова Т. жана 9-класстын мугалими Карбозова Г. тарабынан "Эскирген эски тамгалар" деген темадагы

иш чарада “Саманчынын жолу” кино тасмасы көрсөтүлдү. Окуучуларга билет сатылып, түшкөн акча  каражаты мектеп парламентине өткөрүлүп берилди.






16-февралда “Ооган ардагерлери – эрдиктин үлгүсү” аталышындагы иш чарада жергиликтүү ардагерлер менен окуучуларды жолугушуу уюштурулду.







22-февралда 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата 7-11-класстагы эркек балдардан куралган 3 команданын арасында футбол оюну боюнча мелдеш өтүп, уткан командаларга мектеп парламентинин фондунан 400 сом жана дене тарбия мугалими Кудайберди уулу К. 200 сом демөөрчү болуп,  акчалай сыйлык тапшырылды  24-февралда 7-класска  класс жетекчиси Шаршенбекова Т. “Ата-Мекенди коргоо – ыйык милдет” деген темада ачык класстык саат өттү. Сабак сүрөт, слайд менен түшүндүрүлүп, аталарга окуучулардын концерттик номерлерди көрсөтүүсү менен коштолду.






3-март мамлекеттик Туунун кабыл алынганынын  30 жылдыгына карата “Башат” усулдук бирикмесинин мугалимдери линейкада видео-ролик көрсөтүп, окуучуларга тууну урматтоого тарбия беришти. Туу жөнүндө декламация айтылып, ыр ырдалды.  8-класстын класс жетекчиси Касмалиева А. линейкада 8-класс менен бирдикте Тууну салтанаттуу ыр

ырдатуу менен алдырып келди  жана “Мамлекеттик Тууга 30 жыл” деген темада ачык класстык саатты слайд менен өттү.







4-мартта      5-март ак калпак күнүнө карата иш чарада  баардык класстагы эркек  балдар калпак кийип, кара жорго бийин флешмоб бийлешти. 4-мартта 4-класска класс жетекчи Курманалиева Б.  “5-март Ак калпак күнү” деген темада слайд, аудио материал, сүрөттөр жана калпактын түрлөрүн көрсөтүү менен өтүлдү. 11-класска Шыгаева А. “5-март Ак калпак күнү” темасында ачык саат өттү. Сабакта калпактын түрлөрү көрсөтмөгө коюлуп, көрсөтүлдү.





8-мартта 8-9-10-класстын кыздарынын арасында “Кана эмесе кыздар” конкурсу уюштурулуп, уткан кыздарга класс жетекчи жана уюштуруучунун демөөрчүлүгү менен коюлган акчалай байгелер тапшырылды.











18-мартта 8-класска Касмалиева А. нооруз майрамына карата концерт сабак өткөрдү. 18-мартта 6-77-8-9-10-11-класстардын таланттуу окуучулары “Бар бол Нооруз!” аталышында концерттик программа уюштурду.





6 -апрелде 5-класска “7-апрель элдик революция күнү” темасында класс жетекчи Ибрагимова А. ачык тарбиялык саат өттү . Китепканачы Шаршенбекова Т. “Апрель революциясы – кыргыз элинин  акыйкаттыкты тапкан, үй-бүлөлүк башкарууну түп орду менен жойгон күнү” деген темада 7-8-9-10-11-класстын окуучуларына тегерек стол өткөрдү. Анда окуучулар революциянын келип чыгуу себептерин жана андан келип чыккан натыйжалар жөнүндө кызуу талкуулашты.





21-апрелде “23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө” карата башталгыч класстын мугалимдери “Китеп менин жан досум” аталышында энелер мектеби менен бирдикте китеп окуу, спорттук оюн менен коштолгон жогорку деңгээлдеги конкурс өткөрүшүп, катышуучуларга пайдалуу  китептерди сыйлыкка тапшырышты. 25-апрелде 7-9-11-класстардын класс жетекчилери китепканачы менен  биргеликте “Маркумдар үнү” китебинин негизинде   китеп окуу боюнча конкурсун өткөрүшүп, жыйынтыгында уткан командаларга кызыктыруuч белектерди тапшырышты.








9-май майрамына карата залда бурч уюштурулду жана ар бир класста тематикалык тарбиялык сааттар өткөрүлдү. 14-майда Улуу Жеңиш күнүнө карата салтанаттуу линейка өттү. Анда согуш темасында ырлар көркөм окулду, жеңиш темасындагы ырлар ырдалып, бий бийленди. “Өлбөс полк” жүрүшүндө мектеп окуучулары Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери болгон чоң ата, таяталарынын портреттерин алып, жүрүшкө басышты.





1-июнь балдарды коргоо күннө карата башталгыч класстын мугалимдери концерттик программа уюштуруп, 5-7-класстын окуучулары жармаңке уюштуруп, тамак – аш сатып, чогулган акчаны аз камсыз үй бүлөнүн балдарына жана майыптыгы бар балдарга акчалай белек тапшырылды. Айылдык ишкер балдарга бекер балмуздак таратты.




9-июнда акыркы коңгуроо салтанаты белгиленип, жылдын мыктылары аныкталып, сыйлыктар тапшырылды.





**2022-2023-окуу жылында Итикул Модобае атындагы орто мектебинде даталуу күндөргө карата өткөрүлгөн иш чаралардын аткарылышы боюнча отчет**

1-сентябрь билим күнү белгиленди. Баардык класстарда биринчи саатта класстык сааттар өтүлдү.









**Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнөн 2022-жылдын 7-сентябрында келген №82 "23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө карата бир айлык жарыялоо" жөнүндөгү буйругун аткарууга алуу максатында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында аткарган иштери тууралуу маалымат**

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата залда жана кабинеттерде бурчтар уюштурулду. 16-сентябрда 8-класска Шаршенбекова Т.Н. "Тил байлыгы- эл байлыгы аталышында ачык класстык саат өттү. 19-сентябрда "Эне тилим – түбөлүктүү тирегим" темасында айылдык китепканачы менен биргеликте конкурс уюштурулуп, 9-10-11-класстын окуучулары катышып, 1-орунду 11-класс, 2-орунду 9-класс, 3-орунду 10-класстын окуучулары ээлеп, грамота жана белектерди алышты. 22-сентябрда кыргыз тили мугалими Мухамбет кызы А. "Мен кыргыз тилин канчалык деңгээлде билем темасында

8-класска акыл ордо интеллектуалдык оюнун өткөрүп, жеңүүчүлөргө кызыктыруучу беклектерди тапшырды. 23-сентябрда 6-класска Ибраимова А.Э. “Элди эл кылып турган анын тили” темасында ачык класстык саат өттү. 9-класска Касмалиева А.Т. “Улут болсом тилим менен улутмун” аталышында адабий – музыкалык  кече өттү. 30-сентябрда тил күнүнүн бир айлыгынын алкагында кыргыз тили жана адабияты мугалими Ибраимова А.Э. “Улут жүзү – улуу тил” аталышында линейкада окуучуларга маалымат берип, 6-класстын окуучулары мамлекеттик тилди даңазалашты.













**Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнөн 2022-жылдын 22-сентябрында келген №93 “Билим берүү кызматкерлеринин күнүн белгилөө” жөнүндөгү буйругун аткаруу максатында “Жаңы чакырыктар – жаңы бийиктиктер” ураанынын астында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде аткарылган иштери тууралуу маалымат**

“Жаңы чакырыктар-жаңы  бийиктиктер” ураанынын астында мугалимдерге видео куттуктоолор фейсбук жана тик-ток тиркемелерине жүктөлдү. 5-октябрда 2-класс жана класс жеткчиси Биримкулова Р.Ж.”Мугалим – мектептин жүрөгү” аталышында линейкада өнөрлөрүн тартуулап, мугалимдер жамаатын куттукташты. 8-10-класстын класс жеткчилери шаршенбекова Т.Н. жана Кеңешбек кызы Н. “Мугалим – мектептин жүрөгү” аталышында мугалимдерге концерттик программа, “Ойчул болсоң озуп көр” кызыктуу оюнун ойнотуп, кызыктуу иш чара өтүштү.  “Эгер мен мугалим болсом...” деген темада дил баян жазуу конкурсунда 10-класстын окуучусу Артисбек кызы Адинанын дил баяны мыкты деп табылды.  5-октябрда дублердук күн өткөрүлдү. 6-октябрда жогорку класстын класс жетекчилери Касмалиева А.Т., Кеңешбек кызы Н. , Акунсартова А.Б.  “Кесипти туура тандоо- ийгиликтин башаты”  деген темада окуучуларга кесипке багыт берүү боюнча тегерек стол өтүштү.  7-октябрда “Менин мугалимим” флешмобу бийленди. “Мугалим – мөмөлүү дарак” аталышында мектеп, мугалим жөнүндө обондуу ырлар конкурсун маузыка мугалими Касмалиев Н.Т. өткөрү, жеңүүчүлөргө өзүнүн демөөрчүүлүгү менен чакан белектерди тапшырды. Анан артынан 5-6-7-класстын окуучулары мугалим жөнүндө чыгармадан үзүндүлөрдү сахналаштырып аткарышты.






1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнүнө карата бир айлык жарыяланып, анын негизинде залга жана окуу канааларга санитарлык бурчтаруюштурулду, жогорку класстарга тематикалык тарбиялык сааттар өтүлдү. Медицина кызматкерлери менен жолугушуу, спорттук мелдештер өткөрүлдү.


















Мектеп директору: ___________ Саякбаева Н.Ш.

Уюштуруучу: _________ Мухамбет кызы А.